Плацентадан, киндиктен, кандан, эмчек сүтүнөн, энелер менен жаңы төрөлгөн ымыркайлардын чачтарынан, ошондой эле заара жана заң үлгүлөрүнөн алынган материалдар радионуклиддердин курамын аныктоо жана алардын ар кандай биологиялык субстраттарда топтолуу деңгээлин баалоо үчүн адистештирилген лабораторияга жөнөтүүгө даярдалууда. Изилдөөлөр Өзбекстан Республикасынын Ташкент шаарындагы Ядролук физика институтунда жүргүзүлөт.

Алынган жыйынтыктар радиоэкологиялык жактан кооптуу аймактарда жашаган кош бойлуу аялдардын жана жаңы төрөлгөн ымыркайлардын организминдеги радионуклиддик таасирин баалоого, ошондой эле радионуклиддердин топтолушу менен ичеги-карын микробиоценозунун абалынын ортосундагы мүмкүн болгон байланышты аныктоого мүмкүндүк берет.

Азыркы учурда радионуклиддердин кош бойлуу аялдардын жана жаңы төрөлгөн балдардын микробиоценозуна тийгизген таасирин комплекстүү баалоого арналган изилдөөлөрдүн саны чектелүү бойдон калууда. Бул жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн актуалдуулугун жана экологиялык жагымсыз факторлордун узак мөөнөттүү таасири шарттарында микробиотанын бузулууларын алдын алуу жана коррекциялоо боюнча илимий негизделген ыкмаларды иштеп чыгуу зарылдыгын көрсөтөт. Микробиоценозду коррекциялоо ыкмаларын иштеп чыгуу жана практикага киргизүү радиациялык булганган аймактарда жашаган кош бойлуу аялдардын жана балдардын ден соолугун жакшыртууга, ар кандай патологиялык абалдардын өнүгүү коркунучун азайтууга жана келечек муундардын ден соолугун сактоого өбөлгө түзөт.

https://www.elibrary.ru/item.asp?id=82853614

**Экосанитария тармагындагы илимий изилдөөлөр.**

Ош шаарынын жашылдандыруу, көрктөндүрүү участокторунда өстүрүлгөн декоративдүү өсүмдүктөрдө фитопатоген козу карындарынын таралышы жана экологиялык факторлордун аларга тийгизген таасири каралды. Микологиялык багытта лабораториялык методдор аркылуу өсүмдүктөрдөн *Leotiomycetes, Eurotiomycetes, Coelomycetes, Hyphomycetes* жана *Peronosporomycetes* класстарына кирген патоген козу карындардын түрлөрү аныкталды. Алардын көбү өсүмдүктөргө жалбырак тактарын, кургак чирик, дат жана некроз сыяктуу ооруларды пайда кылып, айлана-чөйрөдөгү температура, нымдуулук жана башка факторлорго жараша активдүүлүгүн көрсөтөт. Изилдөөдө экологиялык көйгөйлөрдүн өсүмдүктөрдөгү патогендик микрофлоранын активдүүлүгүнө тийгизген таасири да талданган. Изилдөөнүн жыйынтыгында Ош шаарындагы жашылдандыруу иштеринин сапатын жогорулатуу, патогендерди көзөмөлдөө жана экологиялык туруктуулукту камсыздоо боюнча практикалык сунуштар берилип, изилдөөнүн жыйынтыктары илимий макала түрүндө жарыяланды. https://oimu.kg/storage/uploads/files/11776232054

Жалпысынан алганда, климаттын өзгөрүшү глобалдык экологиялык көйгөй болуп саналат. Азыркы учурда климаттын өзгөрүүсүнө таасир этүүчү ар кандай себептерди жана факторлорду изилдөө менен окумуштуулар, коомчулук жана саясатчылар кеңири

алектенишүүдө. Кыргызстанда, анын ичинде Ош шаарында климаттын өзгөрүүсүнө таасир этүүчү негизги факторлордун бири — атмосферадагы көмүр кычкыл газынын ($CO_2$) концентрациясын, ошондой эле $CO_2$ газын сиңирүү менен анын абадагы көлөмүн азайтып, абаны кычкылтек ($O_2$) менен байытуучу жашыл өсүмдүктөрдүн өсүүсүнө жана өнүгүүсүнө таасир этүүчү шарттарды ботаниктер, физиологдор, биохимиктер, экологдор, фитопатологдор, агрономдор жана башка адистер изилдеп жатышат.

Өсүмдүктөрдүн өсүүсүнө жана өнүгүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизүүчү маанилүү факторлордун бири — өсүмдүк оорулары, ошондой эле фитопатогендердин, бактериялардын жана козу карындардын жайылышы болуп саналат. Бул изилдөөдө өсүмдүк фитопатогендерин изилдөөнүн негизги натыйжалары экологиялык факторлорго (чөйрөнүн температурасына, кыртыштын курамына жана сугат суусуна) көз карандылыкта каралды. Изилдөөнүн жыйынтыктары илимий макала түрүндө жарыяланды. https://oimu.kg/storage/uploads/files/11776232054

**Ош шаарынын экологиялык абалын жакшыртуудагы декоративдүү өсүмдүктөрдүн фитопатогендерин изилдөө**

Ош шаарынын экологиялык абалын жакшыртуудагы декоративдүү өсүмдүктөрүн изилдөө өсүп жаткан урбанизациялануу шарттарында декоративдүү өсүмдүктөрдүн азыркы учурдагы фитосанитардык абалы каралды. Негизги көңүл патогендик микрофлоранын түрлүк курамын аныктоого жана экологиялык факторлордун жашыл өсүмдүктөрдүн туруктуулугуна тийгизген таасирин талдоого бурулган. Изилдөө иштеринин жүрүшүндө фитопатогендердин 26 түрү идентификацияланды, алардын ичинен 18 түрү бактериялар жана 8 түрү козу карындар болуп саналат. Козу карындардын *Aspergillus, Erysiphe, Phyllosticta, Fusarium* уруктарынын жана *Pseudomonas* менен *Erwinia* бактериалдык патогендеринин үстөмдүк кылышы аныкталды.

Антропогендик стресс менен климаттык факторлордун айкалышы өсүмдүктөрдүн резистенттүүлүгүнүн (туруктуулугунун) төмөндөшүнө алып келери жана жашы өткөн дарактарды (*Ulmus pumila, Populus alba*) өнөкөт инфекциянын очокторуна айландырары такталган. Изилдөөнүн жыйынтыктары өсүмдүктөрдү коргоонун интеграцияланган ыкмаларына өтүү зарылдыгын жана шаарды жашылдандыруу үчүн өсүмдүктөрдүн ассортиментин тандоодо илимий мамиленин маанилүүлүгүн негиздейт. Изилдөөнүн материалдары муниципалдык кызматтар жана экологдор тарабынан микроклиматты турукташтыруу жана шаардык экосистемалардын биоартүрдүүлүгүн сактоо программаларын иштеп чыгуу үчүн колдонууга сунуштар берилген. Изилдөөнүн жыйынтыктары илимий макала Өзбек Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер Сайдалиева Макфуза Султановнанын туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналган “Заманбап илимдеги аял - окумуштууларынын ролу” деп аталган республикалык илимий-практикалык конференциясында (Фергана мамлекеттик техникалык университетинде 11-12.02.2026) доклад этилип, макала түрүндө жарыяланды.

Кыргызстандын түштүгүндөгү шарттарында өстүрүлгөн айыл чарба өсүмдүктөрүн суугарууда колдонулган суулардын химиялык курамын изилдөө боюнча жумуштар аткарылды. Изилдөөдө сугарууда колдонулган ар кандай суу булактары каралган: дарыя суулары жана жер астындагы суулар. Бул изилдөөдө дарыя жана жер астындагы суулардын айыл чарбасындагы мааниси чоң экени көрсөтүлгөн. Сугат сууларынын сапатын туура баалоо жана аларды сарамжалдуу пайдалануу айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууга жана топурактын сапатын сактоого мүмкүндүк берет. Ошондуктан келечекте суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана алардын сапатын көзөмөлдөө негизги милдеттердин бири болуп саналат. Ушул алынган материалдардын негизинде илимий макала жарык көрдү. https://elibrary.ru/item.asp?id=89118231

Изилдөөлөр антропогендик факторлордун сейрек кездешүүчү эфемероид өсүмдүктөрүнө тийгизген таасирин талдоо жана алардын абалын баалоо максатында жүргүзүлгөн. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы антропогендик факторлор өсүмдүктөрдүн абалына олуттуу таасир этерин көрсөттү. Негизги факторлордун катарына туристтердин

көп келиши жана өсүмдүктөрдү басуу, мал багуу, өсүмдүктөрдүн чогултулушу (декоративдик жана дарылык максатта), ошондой эле топурактын бузулушу кирет.

https://oimu.kg/storage/uploads/files/11776232054

**Экологиялык билим берүү багытта.** Жалпы билим берүү чөйрөсүндө туруктуу өнүгүүнүн негизинде окуучулардын экологиялык тарбиясын жана маданиятын калыптандыруу маселелерин изилдөө үчүн комплекстүү эмпирикалык методология ишке ашырылды. Сандык жана сапаттык анализдер айкалыштырылып, Кыргызстандын түштүк аймагындагы – Ош шаарынын билим берүү башкармалыгына караштуу № 5 Ж. Бөкөнбаев атындагы билим берүү мекемеси, ОшМУ табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технология институтунун ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана биологияны окутуунун усулу кафедрасында аткарылды.

Изилдөө 2020-жылдын августь-ноябрь айынан 2025-жылдын сентябрь айына чейин жүргүзүлдү. Педагогикалык изилдөөгө жалпы 300 окуучу (5,6,7,9,10-класстар) катышкан. Педагогикалык эксперименттерди жүргүзүүдө комплекстүү эмпирикалык методология ишке ашырылып, анда сандык жана сапаттык анализдер жүргүзүлдү. Изилдөөнүн бардык этаптары этикалык принциптерди сактоо менен жүргүзүлдү.

Айлана-чөйрөгө болгон аң-сезимдерди өстүрүү максатында таштандыларды сорттоо чогултуу, пластик идиштерди топтоо боюнча практикалык сабак өтүлүп билим деңгээлдери аныкталды. Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына негизделген темаларга ылайык жергиликтүү билим берүү, маданий баалуулуктарды сактоо үчүн туруктуу өнүгүүнүн максаттарына интеграциялоо менен айлана-чөйрөнүн маселелерин, когнитивдик түшүнүктөрүн, жүрүм-турум маданияттарын калыптандыруу маселелери такталды. Изилдөөнүн жыйынтыктары туруктуулукка багытталган педагогикалык маселелерди өнүктүрүүгө салым кошуусу мүмкүн.

https://www.glasniksgd.rs/index.php/home/article/view/1785

https://www.scopus.com/sourceid/35961?origin=resultslist

**КРнын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк филиалынын медициналык-биологиялык көйгөйлөр илимий-изилдөө институтунун Баткен облусу боюнча, “Баткен регионунун туруктуу өнүгүсүн изилдөө” лабораториясынын башчысы, биология илимдеринин кандидаты, доцент Саматова Абиба Абдиламитовна**

**2026-жылдын 6 айлык отчетунда төмөнкү илимий-изилдөө иштери жүргүзүлдү:**

«Баткен облусунун, Баткен районунун Ак-Татыр, Үч-Дөбө айылдарындагы жаңжалдан жабыркаган аймактардагы мектеп окуучуларынын физиологиялык жана психоэмоционалдык көрсөткүчтөрүнүн динамикасын 3 жылдык узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүү» багыты боюнча жаңжал жана кризистик кырдаалдардын балдардын ден соолугуна тийгизген таасирин изилдөө максатында ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий адабияттарга кеңири талдоо жүргүзүлдү. Адабияттарды анализдөө көрсөткөндөй, куралдуу жаңжалдардын жана социалдык чыңалуунун шартында жашаган балдарда психоэмоционалдык бузулуулар (стресс, тынчсыздануу, депрессия, посттравматикалык стресс бузулуусу) жогорку деңгээлде кездешет.

Көпчүлүк изилдөөлөрдө узак мөөнөттүү стресс факторлорунун балдардын физиологиялык абалына да терс таасири далилденген. Айрыкча жүрөк-кан тамыр системасынын көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүшү, иммундук системанын алсырашы жана жалпы физикалык өнүгүүнүн жайлашы белгиленген. Ошондой эле айрым авторлор психоэмоционалдык абал менен соматикалык көрсөткүчтөрдүн ортосунда тыгыз байланыш бар экенин белгилешет.

Адабияттарда конфликттик аймактарда жашаган балдардын адаптациялык мүмкүнчүлүктөрү көбүнчө чектелүү болору, ал эми калыбына келүү процесси узак убакытты талап кылары көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, үй-бүлөлүк колдоо, социалдык

чөйрө жана билим берүү шарттары балдардын психикалык жана физикалык абалына олуттуу таасир этери белгиленет.

Бир катар изилдөөлөрдө мектеп чөйрөсүндө жүргүзүлгөн психологиялык колдоо программаларынын натыйжалуулугу далилденип, алардын стресс деңгээлин төмөндөтүүгө жана балдардын социалдык адаптациясын жакшыртууга оң таасири бар экени аныкталган.

Жүргүзүлгөн адабияттык талдоо Баткен облусунун жаңжалдан жабыркаган аймактарындагы мектеп окуучуларынын физиологиялык жана психоэмоционалдык көрсөткүчтөрүнүн динамикасын узак мөөнөттүү изилдөөнүн актуалдуулугун негиздеп берет. Ошондой эле мындай изилдөөлөр регионалдык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен илимий негизделген реабилитациялык жана алдын алуу иш-чараларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Адабияттарга жүргүзүлгөн анализдин негизинде изилдөөнүн концепциясы түзүлүп, негизги методологиялык ыкмалар аныкталды жана алынуучу жыйынтыктарды практикалык колдонууга багыттоо мүмкүнчүлүгү каралды.

https://www.elibrary.ru/item.asp?id=88799624 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=88799625

Изилдөөдө өсүп келе жаткан муундун психологиясында жана жүрүм-турумунда болуп жаткан өзгөрүүлөр, алардын адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктар системасына тийгизген таасири комплекстүү түрдө талдоого алынган. Изилдөөнүн жүрүшүндө педагогиканын мааниси, физиология менен психологиянын өз ара байланышы, баланын мээсинде жүрүүчү процесстер, анын адептик жүрүм-туруму, физиологиялык жана психологиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү, ошондой эле биосоциалдык өнүгүүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү илимий негизде каралган.

Мындан тышкары, балдардын жана өспүрүмдөрдүн физикалык өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөрдүн алардын дене түзүлүшүнө гана эмес, руханий-адептик калыптанышына да түздөн-түз таасир этери аныкталган. Ошондой эле азыркы шартта улуттук өзгөчөлүктүн, тилдин, маданияттын, тарыхтын жана салттуу дүйнөтаанымдын сакталышына коркунуч жаратуучу факторлор талданып, алардын жаш муундун инсан катары калыптанышындагы орду белгиленген.

Жалпысынан, жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары окуучулардын инсандык жана билим берүүчүлүк өнүгүүсүн камсыз кылууда мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара кызматташтыгы өзгөчө мааниге ээ экендигин көрсөтөт. Бул багыттагы теориялык негиздер жана илимий эмгектер системалуу түрдө жалпыланып, баланын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кылууда билим берүү мекемеси менен үй-бүлөнүн биргелешкен аракеттери негизги факторлордун бири экендиги аныкталган.

https://elibrary.ru/author_items.asp?authorid=1298391&pubrole=100&show_refs=1&pubcat=risc

Изилдөөдө биосоциалдык факторлордун балдардын физиологиялык жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө тийгизген таасири, ошондой эле бул процессти камсыздоочу педагогикалык шарттар комплекстүү түрдө талдоого алынган. Изилдөөнүн жүрүшүндө Баткен облусунун чек арага жакын жайгашкан Аксай, Кызыл-Жол жана Миң-Өрүк айылдарындагы мектеп окуучуларынын физиологиялык абалы жана көңүл буруусунун туруктуулугу изилденип, алардын гармониялуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттар аныкталган.

Жүргүзүлгөн салыштырма талдоонун негизинде окуучулардын дене салмагы, бою, артериялык кан басымы, кандагы кычкылтектин каныгуу деңгээли сыяктуу физиологиялык көрсөткүчтөрүндө, ошондой эле көңүл буруунун туруктуулугу жана продуктивдүүлүгүндө айрым айырмачылыктар бар экендиги белгиленген. Тактап

айтканда, Аксай айылындагы окуучуларда артериялык кан басымдын салыштырмалуу төмөн көрсөткүчтөрү, Кызыл-Жол айылында дене салмагы менен артериялык кан басымдын жогору болушу, ал эми Миң-Өрүк айылында бой көрсөткүчтөрүнүн төмөнүрөөк болушуна карабастан көңүл буруунун туруктуулугу менен продуктивдүүлүгүнүн жогору деңгээли байкалган.

Ошондой эле изилдөөнүн натыйжалары тажик-кыргыз чек ара жаңжалынын кесепеттери окуялардан үч жыл өткөндөн кийин да окуучулардын психологиялык жана социалдык абалына таасирин тийгизип жаткандыгын көрсөткөн. Жалпысынан алынган маалыматтар үй-бүлө менен мектептин өз ара кызматташтыгын чыңдоонун, ошондой эле окуучулардын руханий-адептик сапаттарын, жарандык жоопкерчилигин жана социалдык туруктуулугун калыптандырууга багытталган педагогикалык шарттарды өркүндөтүүнүн зарылдыгын ырастайт.
https://elibrary.ru/author_items.asp?authorid=1298391&pubrole=100&show_refs=1&pubcat=risc

Бул изилдөөдө Аксай жана Ак-Татыр аймактарындагы чек ара жаңжалдарынын шартында жашаган мектеп окуучуларынын физиологиялык жана психоэмоционалдык абалынын динамикасын үч жылдык узак мөөнөттүү изилдөөгө концептуалдык жана методологиялык негиз түзүү максатында даярдалды. Конфликттик чөйрөдө жашаган балдардын стресске физиологиялык жооптору — салива кортизолунун деңгээли, жүрөк ыргак өзгөрмөлүүлүгү (HRV), артериялык кан басымы жана уйкунун биоповедентик параметрлери — боюнча учурдагы илимий адабияттар кеңири жана системалуу талданды. Мындан тышкары, тынчсыздануу, травмадан кийинки стресстик симптомдор (PTSD), эмоционалдык туруксуздук жана резиленттик деңгээлдери сыяктуу психоэмоционалдык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү динамикасы боюнча дүйнөлүк изилдөөлөрдүн жыйынтыктары салыштырмалуу анализден өткөрүлөт.
Обзордук изилдөөдө үч жылдык мониторингдин теориялык негизи катары кызмат кылып, изилдөөнүн структурасын, күтүлүүчү өзгөрүү траекторияларын жана аймактык өзгөчөлүктөр менен байланышкан эмпирикалык божомолдорду алдын ала аныктап берет.
https://drive.google.com/file/d/15ddJGU5IycILh7xAFxKnEVS9qB5kLYxH/view?usp=sharing

Изилдөөдө узак мөөнөттүү стресстин балдардын физиологиялык жана психоэмоционалдык абалына тийгизген таасири комплекстүү түрдө талдоого алынган. Изилдөөнүн жыйынтыгында узак убакытка созулган стресс балдардын организминде бир катар терс өзгөрүүлөрдү жаратып, вегетативдик нерв системасынын тең салмактуулугунун бузулушуна, гормоналдык жөнгө салуу механизмдериндеги өзгөрүүлөргө жана уйку режиминин начарлашына алып келери аныкталган. Мындай өзгөрүүлөр баланын жалпы ден соолугунун абалына, физиологиялык өнүгүүсүнө жана күнүмдүк ишмердүүлүгүнө олуттуу таасир этери белгиленген.

Ошону менен катар психологиялык деңгээлде тынчсыздануунун күчөшү, эмоционалдык туруксуздук, кооптонуу сезиминин жогорулашы жана психологиялык жаракатка байланышкан белгилердин сакталышы байкалган. Бул көрүнүштөрдүн окуу ишмердүүлүгүнө, социалдык адаптациясына жана инсандык өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизүү коркунучу жогору экени белгиленген.

Изилдөөдө стресс факторлорунун терс таасирин азайтууда социалдык чөйрөнүн мааниси өзгөчө баса белгиленген. Атап айтканда, үй-бүлөнүн эмоционалдык колдоосу, мектеп жамаатынын көмөгү, курдаштар менен болгон позитивдүү өз ара мамилелер жана улуттук-маданий баалуулуктар балдардын психологиялык туруктуулугун бекемдөөгө өбөлгө түзөрү аныкталган. Мындай социалдык факторлор балдардын резиленттүүлүгүн

жогорулатып, стресстик кырдаалдарга ийгиликтүү ыңгайлашуусуна жана психологиялык саламаттыгын сактоосуна көмөк көрсөтөрү далилденген.

Жалпысынан, изилдөөнүн натыйжалары балдардын узак мөөнөттүү стресске туруктуулугун жогорулатууда физиологиялык, психологиялык жана социалдык факторлордун өз ара байланышын эске алуу менен комплекстүү педагогикалык жана психологиялык колдоо механизмдерин иштеп чыгуунун зарылдыгын көрсөтөт.
https://drive.google.com/file/d/1omTBR1wy8al7VsBF09pB8J697DiakSbh/view?usp=sharing

Бул изилддөөдө жаңжалдуу аймактарда жашаган мектеп окуучуларынын психофизиологиялык көрсөткүчтөрүндөгү узак мөөнөттүү өзгөрүүлөр талдоого алынган. Изилдөөдө ата-эне менен баланын ортосундагы өз ара мамилелердин баланын психикалык жана физиологиялык өнүгүүсүнө, эмоционалдык абалына жана жүрүм-турумуна тийгизген таасири кеңири каралган. Ошондой эле үй-бүлөлүк мамилелерди чыңдоонун жолдору, ата-энелер ортосундагы пикир келишпестиктер менен конфликттик кырдаалдардын баланын мүнөзүнүн жана инсандык сапаттарынын калыптанышындагы орду илимий негизде изилденген.

Изилдөөнүн натыйжасында ата-энелер тарабынан коопсуз, туруктуу жана жагымдуу психологиялык чөйрө түзүлгөн учурда балдардын физикалык, психологиялык жана эмоционалдык өнүгүүсү гармониялуу жүрөрү аныкталган. Мындай шарттар баланын өзүнө болгон ишенимин арттырып, анын социалдык адаптациясына жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн толук ачылышына өбөлгө түзөрү белгиленген.

Мындан тышкары, коомдо активдүү, демилгелүү жана интеллектуалдык жактан өнүккөн инсандын калыптанышы ата-энелердин заманбап тарбиялоо ыкмаларын, усулдарын жана каражаттарын натыйжалуу колдоно билүүсүнө түздөн-түз байланыштуу экени аныкталган. Балдардын коммуникациялык маданиятын, өз ара сый-урматка негизделген мамилелерди жана социалдык көндүмдөрдү калыптандырууда ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугу өзгөчө мааниге ээ экендиги баса белгиленген.

Жалпысынан, жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары баланын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кылууда үй-бүлөлүк тарбиянын ролу чечүүчү мааниге ээ экендигин көрсөтүп, ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатууга жана үй-бүлөлүк мамилелерди чыңдоого багытталган иш-чараларды өркүндөтүүнүн зарылдыгын ырастайт.

https://drive.google.com/file/d/1XUBcPQ5DNH5bpnfPOaIRWdXMmRzSD-vF/view?usp=sharing

Куралдуу кагылышуу шартында жашаган балдардын психофизиологиялык абалы комплекстүү түрдө изилденип, согуштук кырдаалдардын алардын психикалык жана физиологиялык өнүгүүсүнө тийгизген таасири талдоого алынган. Изилдөөдө согуштун балдардын эмоционалдык абалына, когнитивдик процесстерине, жүрүм-турумуна жана жалпы ден соолугуна тийгизген терс кесепеттери илимий негизде каралган.

Атап айтканда, посттравматикалык стресс бузулушунун (ПТСР) балдар арасында кездешүү өзгөчөлүктөрү, анын негизги белгилери жана өнүгүү механизмдери кеңири талданган. Изилдөөнүн жүрүшүндө куралдуу жаңжалдардын таасиринен улам балдарда тынчсызданууну жогорулашы, коркуу сезиминин күчөшү, эмоционалдык туруксуздук, көңүл буруунун начарлашы жана социалдык адаптациянын кыйынчылыктары байкалары аныкталган.

Мындан тышкары, балдардын психофизиологиялык абалына таасир этүүчү нейробиологиялык, гормоналдык жана социалдык факторлордун ролу каралып, стресс гормондорунун деңгээлиндеги өзгөрүүлөр, нерв системасынын функционалдык абалы жана социалдык чөйрөнүн таасири талдоого алынган. Ошондой эле үй-бүлөлүк колдоо,

билим берүү чөйрөсү жана коомдук жардам механизмдери балдардын психологиялык туруктуулугун камсыз кылууда маанилүү факторлордун бири экени белгиленген.

Жалпысынан, изилдөөнүн жыйынтыктары согуштук жана куралдуу кагылышуу шарттары балдардын психикалык саламаттыгына, физиологиялык өнүгүүсүнө жана когнитивдик мүмкүнчүлүктөрүнө узак мөөнөттүү терс таасирин тийгизерин көрсөтөт. Ушуга байланыштуу балдарды психологиялык, педагогикалык жана социалдык жактан колдоо механизмдерин күчөтүү, алардын коопсуз өнүгүүсүн камсыз кылуу жана укуктарын коргоо боюнча комплекстүү чараларды ишке ашыруунун зарылдыгы негизделген.

КР УИА КАБАРЛАРЫ 2026, №3. https://kruia.gov.kg/content_list/show/83/ru

Бул изилдөөдө Кыргызстандын дары-дармектик өсүмдүктөрү жана алардын дарылык касиеттери каралган. Кыргызстан тоолуу рельефке ээ өлкө болгондуктан, дары-дармектик өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө өтө бай аймактардын бири болуп саналат. Кыргыз эли байыркы мезгилден тартып ар кандай оорулардын алдын алууда жана аларды дарылоодо дары өсүмдүктөрүн кеңири пайдаланып келген. Бул өсүмдүктөрдүн дарылык касиеттери элдик медицинада гана эмес, заманбап медициналык практикада да маанилүү орунду ээлейт.

Изилдөөдө өсүмдүктөрдөн алынуучу чийки заттардын курамы жана алардын дарылык касиеттери фармакогнозия илиминин негизинде талдоого алынган. Фармакогнозия дары-дармектик өсүмдүктөрдүн биологиялык өзгөчөлүктөрүн, химиялык курамын жана медициналык маанисин изилдөөчү илим катары мүнөздөлгөн. Дары өсүмдүктөрүнүн дарылык таасири алардын курамындагы алкалоиддер, гликозиддер, витаминдер жана башка биологиялык активдүү заттар менен шартталаары белгиленген.

Ошондой эле изилдөөдө бир эле өсүмдүк түрүнүн ар кандай экологиялык шарттарда өсүшүнө жараша анын химиялык курамы жана дарылык баалуулугу өзгөрүшү мүмкүн экендиги аныкталган. Бул көрүнүш климаттык шарттарга, топурактын курамына, деңиз деңгээлинен бийиктикке жана башка экологиялык факторлорго байланыштуу экени көрсөтүлгөн.

Жалпысынан, жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын дары-дармектик өсүмдүктөрү биологиялык ар түрдүүлүктүн баалуу бөлүгү болуп саналарын жана алардын дарылык касиеттерин илимий негизде изилдөө, сактоо жана рационалдуу пайдалануу саламаттыкты сактоо тармагын өнүктүрүүдө маанилүү багыттардын бири экендигин ырастайт.
https://drive.google.com/file/d/1XUBcPQ5DNH5bpnfPOaIRWdXMmRzSD-vF/view?usp=sharing

**1.3. Бюджеттен сырткары каржылоонун эсебинен иштеп чыгуунун жана изилдөөлөрдүн жыйынтыктары (гранттар, чарба келишимдери ж.б.):**

КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган сынактын алкагында 2024-2026-жылдарга карата **“Кыргызстандын заманбап шарттарында конституционалдык, этникалык, гендердик жана куктык факторлорун эске алуу менен балдардын жана чоңдордун физикалык жактан өрчүү абалына баа берүү”** темасы боюнча 1.500.000 сомдон ашык (жылына) суммада илимий-изилдөө гранты утуп алынды. 2024-жылдын 12-мартындагы № 240012 үч тараптуу келишим түзүлгөн (долбоор жетекчи, м.и.к., доцент Сакибаев К.Ш.).

**1.4. *2026-жылдагы илимий изилдөө институттарындагы илимий изилдөөлөрүнүн эң олуттуу натыйжаларынын тизмеси.***

**Приоритеттүү багыт:** Туруктуу өнүгүү, климаттын өзгөрүшү, жашыл экономика, жаратылыш ресурстарын үнөмдүү пайдалануу.

Дары-дармек өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн экологиялык оптимумдары иштелип чыкты;

Климаттын өзгөрүшүнө таасир тийгизген факторлордун бири катары абадагы $CO_2$ деңгээлин төмөндөтүү максатында иштер жүргүзүлдү, топурактын курамы, өсүмдүк фитопатогендери, энтомологиялык зыянкечтер аныкталды, бул иштер шаарды жашылдандыруу жана көрктөндүрүү тармагы менен биргеликте жүргүзүлдү;

Туруктуу өнүгүүнүн социалдык аспекти катары медициналык багыттагы иштер аткарылып, коморбиддүү оорулууларда физиологиялык көрсөткүчтөр жана COVID-19 илдетинен каза болгондордун биохимиялык параметрлери изилденди.

1. Жашоочу организмдердин жана калктын саламаттыгына таасир тийгизүүчү факторлор: керектөөчүлүк газдар, ($CO_2$), жол тыгындарында пайда болгон газдар, чаң, ошондой эле айлана-чөйрөлүк факторлор (радиация, гипоксия), биологиялык факторлор (стресс), химиялык факторлор (ар түрдүү заттар: пестициддер, гербициддер, азот кошулмалары, консерванттар, жер семирткичтер ж.б.у.с.).
2. Шаардагы абанын булганышы жана климаттын өзгөрүшүнө таасир тийгизүүчү ($CO_2$) концентрациясы изилденди. Жашыл аянттарды көбөйтүү максатында отургузулган өсүмдүктөрдүн өсүшүнө жана өнүгүшүнө биотикалык жана абиотикалык факторлордун тийгизген таасири иликтенди. Тепличный шартта өстүрүлгөн өсүмдүктөрдүн фитопатогендери жана микроорганизмдери такталып, системалаштырылды.
3. Радиациялык таасир катары, Майлуу-Суудагы техногендик аймактарда, айрыкча "хвостохранилищелерде" жашаган адамдардын саламаттыгына радионуклиддердин терс таасир тийгизээри аныкталды.
4. Жогорку тоолуу аймактарда жашаган адамдардын ден соолугуна гипоксиянын тийгизген таасири орточо жана төмөн радиациялуу зоналар менен салыштырылып изилденди.
5. Жакынкы жана жогорку деңгээлдеги ийгиликтүү жыйынтыктарга жетишилди: жаак-бет бөлүгүнүн жаракаттарын, ар кандай ириңдүү сезгенүүлөрдү, тукум куучулук кемтиктерди жана тукумдан туулган патологияларды алдын ала аныктоо жана алдын алуу боюнча. Бул жыйынтыктар республикалык деңгээлдеги медико-социалдык көйгөйлөрдү чечүү жана дарылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн сунуш катары берилди.

**2. Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу**

1. Бет-жаак аймагынын жаракаттары, ар кандай ириңдүү сезгенүүлөр жана тукум куучу патологиялык оорулар изилденген. Алардын изилдөө жыйынтыктары оорулардын дарылоосунда кеңири колдонулууда.
2. Ош шаарынын жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштеринде өсүмдүктөрдүн оорулары аныкталып, айлана-чөйрөнүн санитардык-гигиеналык абалын жана микроклиматты жакшыртуу боюнча практикалык сунуштар берилди.

***2.1. 2026-жылы өндүрүшкө киргизилген илимий иштердин жыйынтыктары. – азырынча жок***

***2.2. Илимий-техникалык продукциялардын 2026-жылда ишке ашырылуусу . – УЧУРДА ЖОК***

***Медициналык-биологиялык проблемаларды илимий изилдөө институту***

**Илимий иштердин жыйынтыктарын пайдалануу.**

ИИИнин жыйынтыктарын пайдалануу, керектөөчүлөр туралуу маалыматтар

| № 1 | **Илимий мекеме (2)** | **Реализация болгон продукциянын түрлөрү (3)** | **Керектөөчүлөр (4)** | **Реализациянын жыйынтыктары (акт ж.б. док.) (5)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | МБПИИИ жана | Ортопедиялык протездер | бейтаптар | онкологиялык операциялардан кийин бет- |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ООАМКО | | | жаак аймагындагы жумшак ткандардын кемчиликтерин жоюуга |
| 2 | МБПИИИ жана ООАМКО | Насвай чеккен 18-23 жаштагы адамдардын тиштеринин жана ооз көңдөйүнүн микробиотасы | насвайчылар | ооз көңдөйүнүн микробиотасына берилген клиникалык жана микробиологиялык анализ |
| 3 | МБПИИИ жана ООАМКО | Чыкый сөөктү тигиши жана мини-пластинка кою | бейтаптар | чыкый сөөктүн сыныктарына тигиш жана мини-пластинкасын колдонуунун салыштырма аспектилери |
| 4 | МБПИИИ | Өсүмдүктөрдүн оорулары, фитопатогендер, микроорганизмдер, айлана-чөйрөнүн микроклиматына жана санитардык-гигиеналык абалына мүнөздөмө<br>Ош шаарынын туруктуу өнүгүүсүнө, микроклиматын түзүүгө салым кошуу | Ош шаардык көрктөндүрүү жана жашылдандыруу муниципалдык ишканасы | Ош шаарын көрктөндүрүү жана жашылдандырууну жакшыртуудагы практикалык сунуштар жана күнөсканаларында өстүрүлгөн өсүмдүктөрдүн фитопатогендеринин экологиясы |
| 5 | МБПИИИ | Антропометрические показатели тела человека | Саламаттыкты сактоо | Адамдын антропометрикалык атласы |
| 6 | МБПИИИ | Адамдын физикалык статусу | Саламаттыкты сактоо | Адамдын физикалык статусунун картасы |
| 7 | МБПИИИ | Приспособления для биоимпендасометрического исследования тела человека | Здравоохранение | Способ оптимизации приспособлений для биоимпендасометрического исследования тела человека |
| 8 | МБПИИИ | Содействие устойчивому развитию города Оша, созданию микроклимата. | УР: цели: 4,6,11,13, 15 | Практические рекомендации по улучшению благоустройства и озеленения города Ош. |
| 9 | МБПИИИ | Исследованы микроклимат и санитарно-гигиеническое состояние окружающей среды путем выявления болезней растений при благоустройстве и озеленении города Ош | УР, 4,6,11,13,15,17 цель | Рекомендации по улучшению микроклимата и санитарно-гигиенического состояния окружающей среды г. Ош |

## 3. Илим жана билим берүү

Институтта диссертациялык кеңеш жок, бирок институн айрым окумуштуулары ДК мүчөлөрү (б.и.д., профессор Жумабаева Т.Т., м.и.д., профессор, Ешиев А.М., м.и.к., доцент Сакибаев К. Ш.). Учурда институт аттестацияга документтерин даярдап жатат.

Илимий изилдөө институнун 12 кызматкери Ош мамлекеттик университетинин факультеттеринде сабак беришет: б.и.д., профессор Жумабаева Т.Т., м.и.д., профессор, Ешиев А.М., б.и.к., м.и.к., жетектөөчү илимий кызматкер Тойчуев Р. М., доценттер: Молдалиев Ж.Т., Аргынбаева А.Т., м.и.к., доцент Сакибаев К. Ш. Баткен мамлекеттик университеттен доценттер: б.и.к., улук илимий кызматкер Момунова Г. А. б.и.к., улук

илимий кызматкер Миралы кызы Анара. У.и.к., Насиров А.Н. Окутуучулар: Тойчуева А. У. Мырзабаев И.Т., Алдозова К.М., Сыдыкбаева Т.И., Жунусалиева Э. Ж.

Ал эми 3 кызматкер атайын адистешкен клиникаларда эмгектенишет: ООБМКда - м.и.д., профессор, Ешиев А.М. "Андромед" жеке клиникасында м.и.к., ага илимий кызматкер Мирзакулов Д. С., Ош облусттык онкология борборунда м.и.к., улук илимий кызматкер Паизова З. М., эмгектенишет.

ОшМУнун медицина факультетинин студенттерине «Адамдын нормалдуу анатомиясы» жана «Медициналык антропология менен соматометриянын негиздери», «Биохимия», «Клиникалык биохимия» курстары боюнча лекциялар жана практикалык сабактар өткөрүлдү. Ошондой эле ОшГУнун медицина факультетинин студенттерине «Адамдын нормалдуу анатомиясы жана медициналык антропология менен соматометриянын негиздери» курстары боюнча лекциялар окутулду.

## 4. КР УИАнын илимий мекемелеринин ишкердүүлүк кызматташуусу

*(уюмдар, өнөр жай ишканалары, ишкерлер жана башкалар менен КР УИАнын кызматкерлеринин долбоорлорду, программаларды, Өкмөттүн, министрликтердин, ведомстволордун, биргелешкен ишканалардын документтерин даярдоого жана экспертизациялоого катышуусу ж.б.)*

Институт 2024-2028-жылдарга Ош мамлекеттик университети жана Баткен мамлекеттик университети менен өз ара кызматташуу келишимин түздү. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология, Биотехнология жана Фитотехнология институттары менен биргеликте кызматташтык боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү (айрым маселелерди чечүү боюнча консультациялар жана тиешелүү биргелешкен изилдөөлөр).

Райондук, шаардык мамлекеттик органдар, айыл аймактары, тармактык уюмдар (ауыл чарбасындагы келишимдик иштер жана долбоорлорго катышуу).

1. Жалал-Абад облусунун «Беш-Арал» мамлекеттик коругу, Ош облусунун «Кулун-Ата» мамлекеттик табигый коругу менен биоартүрдүүлүктү сактоо жана табигый экосистемаларды калыбына келтирүү, токой чарбаларын жана калың токойлордогу өсүмдүктөрүн реконструкциялоо, флора жана фауна изилдөө, жоголуп бара жаткан өсүмдүктөрдүн генофондун сактоо, пайдалуу флораны изилдөө, биологиялык активдүү заттарды алуу боюнча өз ара кызматташуу келишими түзүлдү. Агролесомелиорациялык практиканы жакшыртууга жана токойлорду туруктуу өнүктүрүүгө, биоартүрдүүлүктү сактоого жана токой ресурстарын рационалдуу пайдаланууга багытталган долбоорлорду ишке ашыруу пландалууда.

2. Жоголуу коркунучунда турган өсүмдүктөрдүн уруктарын чогултуу аркылуу алардын генетикалык фондун сактоо, аларды корук аймактарына интродукциялоо, өсүмдүктөрдү вегетативдик көбөйтүү жана токойлорду коргоо боюнча биргелешкен иштерди жүргүзүү, ошондой эле токой чарбасынын кызматкерлери жана Кыргызстандын Жер пайдалануу ассоциациясы менен биргеликте иш алып баруу пландалууда.

3. Райондук, шаардык мамлекеттик органдар, айыл аймактары жана тармактык уюмдар менен айыл чарбасына байланыштуу келишимдик иштерге жана долбоорлорго катышуу.

4. 2025-жылдын 30-июнунда Ош Эл аралык медициналык университети менен Оренбург мамлекеттик медициналык университетинин (Оренбург, Россия) ортосунда кызматташуу келишимине кол коюлган. 1-октябрда Ош Эл аралык медициналык университети менен Луганск мамлекеттик медициналык университетинин (Луганск, Россия) ортосунда кызматташуу келишимине кол коюлду.

## 5. Академиялык илимге бюджеттен сырткары каражаттарды тартуунун негизги жолдору

### *5.1. Биргелешкен ишкана ачуу, кичи ишкана ж.б. кызматташуунун формалары. Медициналык-биологиялык проблемаларды илимий изилдөө институту*

**Учурда жок**

***5.2. Академиялык илимге инвестиция тартуу, биргелешкен илимий-изилдөө, илимий жана билим берүү стажировкаларын өткөрүү,*** *аймактык кызматташууга катышуу, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн ИИИтары менен келишимдерди түзүү максатында эл аралык кызматташуу (Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын эл аралык байланыштары боюнча отчеттун формасы 2021-жыл үчүн).*

Академиялык илимге бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуунун негизги жолу медициналык-биологиялык проблемалар илимий изилдөө институтунда иштеп жатат.

Биргелешкен илимий долбоо, жетекчиси м.и.к., доцент Сакибаев К.Ш.

| Жооптуу илимий мекеме телефон, факс, e-mail | Долбоордун аталышы | Партнерлор | Реализациянын мөөнөтү | каржылоо | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| ББжИ министрлиги | “Кыргызстандын заманбап шарттарында конституционалдык, этникалык, гендердик жана курактык факторлорун эске алуу менен балдардын жана чоңдордун физикалык жактан өрчүү абалына баа берүү” | ОшМУ медицина факультети | 2024-2026 | 1.500.000 сом | Сакибаев К.Ш. № 240012 |

***Квалификацияларын жогорулатуу курстары:***

## 6. Илимий-уюштуруучулук ишмердүүлүгү

### *6.1. Бөлүмдүн ишмердүүлүгү*

**Илимий изилдөө институтунун илимий-уюштуруучулук иш аракеттери**

**Негизги иш аракеттер**

Медициналык-биологиялык көйгөйлөрдү илимий изилдөө институтунда 4 илимий лаборатория бар. Институттун негизги илимий багыты: Кыргызстандын түштүгүндөгү туруктуу өнүгүүнү калыптандыруу, саламаттык сактоого мониторинг жүргүзүү жана биологиялык көп түрдүүлүктү сактоо максатында токой, суу экосистемаларын, климаттын өзгөрүүсүн комплекстүү изилдөө жана айлана-чөйрөнү коргоо максатында жашыл энергетиканы изилдөө. Институттун окумуштуулар совети бардык илимий жана өндүрүштүк маселелерди талкуулайт. Окумуштуулар кеңеши 13 адамдан турат. Окумуштуулар кеңешин илимий изилдөө институтнун директору Жумабаева Т.Т. жетектейт.

2026-жылдын январь айынан тартып бекитилген УС планына ылайык, илимий институттун ишмердүүлүгүнө байланыштуу 4 жыйын өткөрүлүп, 10 маселе каралды.

***6.2. Басма ишмердүүлүгү*** *(басылмалардын тизмеси, көлөмү, автору, басмакананы көрсөтүү менен).*

Медициналык-биологиялык проблемаларды илимий изилдөө институту

*Отчеттук мезгилдин ичинде изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жалпысынан 86 макала: анын ичинде чет элдик басылмаларда,* РИНЦ –30, Скопус-17, *Республикалык басылмаларада,* РИНЦ – 39 макала*, монография-1, окуу китеби -, окуу-усулдук китеби- , методикалык сунуштар –, рационализатордук сунуштама –1 , макала басылмага жөнөтүлгөн – 10.*

**Чет элдик журналдарда жарыкка чыккан макалалар:**

1. Ешиев А.М. Клинико-рентгенологические особенности диагностики хронического апикального периодонтита / Б. А. Исраилов, А. М. Ешиев // Бюллетень науки и практики. – 2026. – Т. 12, № 1. – С. 230-241. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=88799598
2. Ешиев А.М. Патофизиологические основы и клиническая эффективность бариатрической хирургии при морбидном ожирении и метаболическом синдроме / Э. Ы. Ырысбаев, А. М. Ешиев, Э. Т. Топчубаева [и др.] // Бюллетень науки и практики. – 2026. – Т. 12, № 2. – С. 245-266. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=88960936
3. Ешиев, А. М. Инновации в технологии коллагеновых мембран: современные разработки и их влияние на результаты хирургического лечения / Н. О. Курманбеков, А. М. Ешиев, Н. М. Азимбаев, Ж. К. Пакыров // Научное обозрение. Медицинские науки. – 2026. № 1. – С. 11-16. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=89160365
4. Ешиев, А. М. Количественная характеристика лимфоцитов периферической крови у больных с флегмонами дна полости рта и шеи / А. М. Ешиев, Н. М. Азимбаев // Научное обозрение. Медицинские науки. – 2026. – № 1. – С. 5-10. – DOI 10.17513/srms.1463. – EDN HTRXYQ. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=89160364
5. Жаныбай У.А., Ешиев А.М., Мамажакып У.Ж. Новые методы диагностики фолликулярных кист и их хирургическое лечение у детей//Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. 2026. Т. 26. № 1. С. 43-48. https://elibrary.ru/item.asp?id=89068107
6. Джолдошбаева Ж.А., Ешиев А.М. Оценка клинической эффективности биомиметического подхода в восстановлении пришеечных клиновидных дефектов //Вопросы экспертизы и качества медицинской помощи. 2026. № 2. С. 17-21. https://elibrary.ru/item.asp?id=89334533
7. Ешиев Д.А., Кутмаматова Ы.А., Ешиев А.М. Клинические подходы к лечению детей с нарушениями положения зубов и формы зубных дуг//Вестник Ошского государственного университета. 2026. № 1. С. 21-37. https://elibrary.ru/item.asp?id=89788344
8. Исраилов Б.А., Ешиев А.М. Клинико-рентгенологические особенности диагностики хронического апикального периодонтита//Бюллетень науки и практики. 2026. Т. 12. № 1. С. 230-241. https://elibrary.ru/item.asp?id=88799598
9. Ырысбаев Э.Ы., Ешиев А.М., Топчубаева Э.Т., Калматов Р.К., Атабаев И.Н. Патофизиологические основы и клиническая эффективность бариатрической хирургии при морбидном ожирении и метаболическом синдроме//Бюллетень науки и практики. 2026. Т. 12. № 2. С. 245-266. https://elibrary.ru/item.asp?id=88960936
10. Ешиев А.М., Джолдошбаева Ж.А. Клинико-эпидемиологические особенности клиновидных дефектов твёрдых тканей зубов у взрослых пациентов различных возрастных групп //Бюллетень науки и практики. 2026. Т. 12. № 3. С. 379-386. https://elibrary.ru/item.asp?id=89105806
11. Жаныбай уулу А., Ешиев А. М. Клинико-анатомические особенности амелобластомы нижней челюсти и сравнительный анализ методов реконструкции после радикальной резекции (ретроспективное исследование 2015-2022 гг.)//Бюллетень науки и практики. 2026. Т. 12. № 5. С. 290-299. https://elibrary.ru/item.asp?id=91282584
12. Тагайбеков И. Р., Ешиев А. М., Мырзашева Н. М. Модифицированный остеосинтез у пациентов с переломами мыщелкового отростка нижней челюсти с использованием

титановых мини-имплантатов//Бюллетень науки и практики. 2026. Т. 12. № 5. С. 335-345. https://elibrary.ru/item.asp?id=91282590
13. Асанов А.К., Ешиев А.М. Шакафтар айылында жашаган мектеп окуучуларына жүргүзүлгөн профилактикалык кароонун жыйынтыктары боюнча тиш кариесинин пайда болуу тобокелдигинин факторлору//Илим. Билим. Техника. 2026. № 1 (85). С. 73-77. https://elibrary.ru/item.asp?id=89320010
14. Курманбеков Н.О., Ешиев А.М., Азимбаев Н.М., Пакыров Ж.К. инновации в технологии коллагеновых мембран: современные разработки и их влияние на результаты хирургического лечения//Научное обозрение. Медицинские науки. 2026. № 1. С. 11-16. https://elibrary.ru/item.asp?id=89160365
